**12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча Нуридинова Айдай Нуридиновнанын юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн «Квалификациялуу юридикалык жардам – адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктеринин коргоонун конституциялык-укуктук кепилдиги катары» темасындагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

***1. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы.***

Кыргыз Республикасында радикалдуу саясий-укуктук жана социалдык кайра түзүүлөр коомдук мамилелерди жөнгө салуунун формаларын жана ыкмаларын демократиялаштыруунун негизинде алардын сапаттуу өзгөрүшүнө алып келди. Биздин өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр жетилген жарандык коомдун калыптанышына өбөлгө түзөт. Бул багыттагы ийгиликтер экономиканын өнүгүшүнө, мыйзамдарды жакшыртууга жана коомдук-укуктук мамилелерди модернизациялоого гана эмес, мамлекеттин аларды тартипке келтирүү, ар бир адамга конституциялык кепилдиктерди жана зарыл болгон коргоону, алардын ичинен өзгөчө орунда турган квалификациялуу юридикалык жардам алууга кепилдигин камсыз кылууга даярдыгына жараша болот.

Юридикалык жардам алуу конституциялык укугуна мүнөздүү белгиси жана негизги өзгөчөлүгү ал адамдын жана жарандын башка укуктары менен эркиндиктерин ишке ашыруу жана коргоо үчүн колдонулууда турат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген укуктардын бири да квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугусуз жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес, ал конституциялык укук илиминде адамдын жана жарандын бардык укуктары менен эркиндиктеринин юридикалык кепилдиги катары каралат.

Ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун айкын маанилүүлүгүнө жана зарылдыгына карабастан, азыркы күнгө чейин анын маанисине, мазмунуна, аны көрсөтүү субъектилерине, ишке ашыруу жана жалпы кепилденген камсыз кылуу тутумуна тиешелүү маселелер боюнча талаш-тартыштар дагы деле болуп келет. Юридикалык жардамга укукту жүзөгө ашыруунун механизмин бекемдеген мыйзамдар убакыттын толук талаптарына жооп бербейт жана андан ары өркүндөтүүгө муктаж.

Диссертацияда каралып жаткан көйгөйлөрдүн актуалдуулугу колдонуудагы мыйзамдарды жакшыртуу маселелери менен байланышкан. Конституциялык жана учурдагы мыйзамдарда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 132 от «11» 06 2021 г.

бекитилишине, аны жүзөгө ашыруунун жана камсыз кылуунун бирдиктүү принциптеринин жана стандарттарынын болушуна карабастан, мындай жардамды алган адамдар сыяктуу эле, аны көрсөткөн адамдар тарабынан да кыянаттык менен пайдалануу орун алган. Мындан тышкары, мыйзамдын кээ бир тармактарында квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу жетишерлик толук бекитилген эмес.

Ушул темага болгон илимий-изилдөө кызыгуу квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жүзөгө ашыруу үчүн болгон ыкмаларды жана каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана аны жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейте турган жаңы ыкмаларды жана каражаттарды иштеп чыгуу зарылдыгы менен шартталган. Анткени бүгүнкү күндө ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун бүтүндөй цивилизациялуу адамзаттын кенчи катары кароого болот.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында укуктук кызматтарды көрсөтүү менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө жалпы мамлекеттик мамиле жок, калкка акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик максаттуу программасы кабыл алынган эмес, юридикалык жардамдын сапатсыз көрсөтүлүүсүнөн камсыздандыруу жок, юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдардын жана адамдардын ишин мамлекеттик жана корпоративдик контролдоону камсыз кылуу механизмдери түзүлгөн эмес.

Бардык аталган себептердин жана шарттардын комплекси Кыргыз Республикасында жарандардын конституциялык квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугуна жана аны камсыз кылуу көйгөйлөрүнө илимий талдоо жүргүзүү зарылчылыгын жаратат. Ушул талдоонун жыйынтыгында жасалган теориялык жоболор жана тыянактар квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун мааниси жана мазмуну, аны юридикалык табияты, мыйзамдарда жана мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук уюмдардын ишинде конкреттештирүү даражасы боюнча маалыматтын мындан аркы топтолушуна өбөлгө түзөт.

***2. «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобо» жана «Окумуштуулук даражаны изденүүгө коюлган диссертацияларга талаптар жана баалоо критерийлери» II бөлүгүнүн диссертацияларга талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар***

***1-жыйынтык.*** Изденүүчү тарабынан квалификацилуу юридикалык жардамга укуктун юридикалык табияты өзүнүн ченемдик мазмунунда материалдык жана процесстик башаттардын биримдигин ишке ашыруу менен конституциялык-кепилдөөчү мүнөзгө ээ экендиги жөнүндө жобо негизделген жана далилденген.

***2-жыйынтык.*** Автор тарабынан “квалификациялуу юридикалык жардам" деген түшүнүк ачык-айкын полисемияга ээ экендиги белгилеген. Бир жагынан, квалификациялуу юридикалык жардам деп кесиптик юридикалык квалификациясы (билими жана адистиги) бар адам тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардамды эсептөөгө болот. Экинчи жагынан, квалификациялуу (тиешелүү) юридикалык жардам деп тийиштүү, укуктуу түрдө көрсөтүлгөн, б. а., формалдуу мыйзамдын талаптарын так сактоо, жана ийгиликтүү талап кылынган жана мааниси боюнча укуктук (конституциялык) натыйжа берген жардамды таанууга болот.

***3-жыйынтык.*** Автор тарабынан квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө чет мамлекеттердин он чакты профилдик мыйзамдарына салыштырма-укуктук талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында, калкка акысыз юридикалык жардам көрсөтүү жана кепилдендирүү жаатындагы айкын бийликтин иш-милдеттеринин көлөмүн интерпретациялоонун типтүү концептилерин формулировкаланып жана бөлүнүп көрсөтүлгөн.

***4-жыйынтык.*** Квалификациялоо юридикалык жардам институтунун конституциялык-маанилүү баалуулуктарынын тең салмактуулугун камсыз кылуунун маанилүү шарты болгон конституциялык принциптерди камсыз кылуунун маанилүү шарты болгон конституциялык принциптерди талдоонун негизинде изденүүчү сот өндүрүшүнүн бардык формаларында алардын ишке ашырылып жаткан мүнөзүнүн универсалдуулугун белгилейт.

***5-жыйынтык.*** Изденүүчү ченемдик укуктук актыларды изилдеп, белгилерине жана компетенцияларына жараша юридикалык жардам көрсөтүүнүн субъектилерин эки чон топко бөлгөн:

- адам укуктарын коргоо жана юридикалык жардам көрсөтүү субъектилери катары мамлекеттик органдар;
- квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү жарандык коом институттары.

***6-жыйынтык.*** Автор, инсандын укуктук статусунун юридикалык кепилдик системасын, жарандардын субъективдүү укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук жанан соттук эмес коргоо механизмдери уюштурарын белгилейт. Мамлекеттик бийликтин башка бутактарына салыштырмалуу “эң жогорку” юридикалык күчкө ээ болгон сот бийлиги, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуунун жана коргоонун бир кыйла натыйжалуу кепилдиги жана квалификациялуу юридикалык жардамга укукту жүзөгө ашыруунун кепилдиги караты каралат.

***7-жыйынтык.*** Автор соттук коргоого конституциялык укукту ишке ашыруунун механизминдеги маселелерди изилдөө менен, адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамды жакшыртуу зарылдыгын негиздеп, квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу жарандарга сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн манилүү кепилдиги болуп саналарын белгилейт.

***8-жыйынтык.*** Автор квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуунун механизмдерин юридикалык жардамдын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттары аркылуу жакшыртуу жана ишеним көрсөтүүчүнүн алдында адвокаттын жоопкерчилигин күчөтүү зарылдыгы жөнүндө бүтүмун негиздейт.

***3. Диссертациядагы корутундулардын жана жыйынтыктардын ар бир натыйжасынын (илимий жобонун) негиздүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли***

***1-жыйынтык.*** Конституциялык-кепилдөөчү мүнөзгө ээ квалификациялуу юридикалык жардамга укуктун юридикалык табияты аныктамасы менен негизделген. Ишенимдүүлүгү юридикалык жардам институту жөнүндө маселелерди козгогогон атайын адабиятка ар тараптуу теориялык-укуктук талдоого таянат.

***2-жыйынтык.*** Негиздүү жана ишенимдүү, себеби укук колдоонуу практикасын, квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө мыйзам ченемдеринин, юридикалык жардам түшүнүгүнүн көп маанилүүлүгүн көрсөткөн юридикалык жардам институтунун абалын талдоого негизделген.

***3-жыйынтык.*** Юридикалык жардамдын Негизги мыйзамдардын дээрлик көпчүлүгүнө камтылгандыгы негизделет. Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын жана эл аралык укук ченемдердин талдоонун натыйжасында жасалган квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө пайдаланылган ыкмалардын жана жүзөгө ашарылган моделдердин көп түрдүүлүгүнө карата бүтүмдөрдүн комплексине негизделген.

***4-жыйынтык.*** Квалификациялуу юридикалык жардам институтун ченемдик мазмунундагы конституциялык-маанилүү баалуулуктарынын тең салмактуулугун камсыз кылуунун маанилүү шарты болгон конституциялык принциптерди мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде ыраатуу жүзөгө ашыруу негизделген. Ишенимдүүлүгү конституциялык принциптерди татаал көп деңгээлдүү система бүтүмдөргө, алардын негизинде жасалган талдоого негизделен.

***5-жыйынтык.*** Негиздүү, себеби жарандарга жана уюмдарга юридикалык жардам көрсөтүп жаткан уюмдар менен адамдардын жетишерлик кеңири чөйрөсү бар экендигине

карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясы юридикалык жардамдын субъектилеринин маңызын ачып берген атайын ченемдерди камтыбай тургандыгы аныкталган, ал эми ишенимдүүлүгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын талдоого негизделет.

***6-жыйынтык.*** Негиздүү жана ишенимдүү, себеби улуттук мыйзамды талдоонун негизинде, адамдын укуктук статусунун юридикалык кепилдик системасы жарандардын субъективдүү укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук жана соттук эмес коргоонун механизмдери уюштурары көрсөтүлгөн. “Эн жогорку” юридикалык күчкө ээ болгон сот бийлиги, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз калуунун жана коргоонун бир кыйла натыйжалуу кепилдиги катары каралат.

***7-жыйынтык.*** Негиздүү жана ишенимдүү, себеби сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү квалификациялуу юридикалык жардамды кепилдендирүү институту жөнүндө улуттук мыйзамды талдоого негизделген, ал соттук коргоого конституциялык укукту ишке ашыруунун механизминдеги юридикалык жардам институтунун маанисин аныктайт.

***8-жыйынтык.*** Юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана аны соттук-укуктук реформаны өнүктүрүүнүн маанилүү багыты катары камсыз кылуунун механизмдерин жакшыртуу зарылдыгын аныктаган Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын талдоого негизделген жана ишенимдүү.

***4. Диссертациядагы корутундулардын жана жыйынтыктардын ар бир натыйжасынын (илимий жобонун) негиздүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли***

***1-жыйынтык.*** Жарым-жартылай жаңы, анткени квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укуктун юридикалык табияты жана мүнөзү аныкталган. Ал өзүнүн ченемдик-укуктук мазмунунда материалдык жана процесстик башталыштын биримдигин көрсөтүп, жарандардын юридикалык максаттарын, өз укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону кошкондо, ырааттуу укуктуу ишке ашырышы жана натыйжалуу жетишүүсү үчүн тийиштүү юридикалык шарттарды камсыз кылууга каралган, конституциялык-процесстик укук-кепилдик катары каралышы мүмкүн.

***2-жыйынтык.*** Жарым-жартылай жаңы, себеби “квалификациялуу юридикалык жардам” түшүнүгүнүн полисемиясын аныктайт, ал автордун ою боюнча профессионалдуу юридикалык квалификацияга ээ адамдан келген юридикалык жардамды бир тараптан, экинчи тараптан укуктуу жол менен көрсөтүлгөндүгү, б.а. мыйзамдын талаптарын формалдуу сактоо менен, ак ниеттүү, изделген жана негизинен укуктук натыйжа берген жардамды.

***3-жыйынтык.*** Жаңы, себеби квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө өлкөлөрдүн мыйзамдарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн пайдаланылган ыкмаларынын жана ишке ашырылчуу моделдерин көп түрдүүлүгүнө карата бүтүмдөрдүн комплекси формулировкаланган.

***4-жыйынтык.*** Жарым-жартылай жаны, себеби автор квалификациялуу юридикалык жардамды институтун ченемдик мазмунун конституциялык-маанилүү баалуулуктарынын тең салматуулугун камсыз кылуунун маанилүү шарты болгон конституциялык принциптерди мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде ыраатуу жүзөгө ашыруу болуп саналарын аныктаган.

***5-жыйынтык.*** Жарым-жартылай жаңы, себеби автор КР Конституциясы юридикалык жардамдын субъектилеринин маанисин ачкан атайын ченемдердин жоктугун аныктаган, ал эми ишенимдүүлүгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын талдоого негизделген.

***6-жыйынтык.*** Жарым-жартылай жаңы, себеби адамдын укуктук статусунун юридикалык кепилдик системасы жарандардын субъективдүү укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук жана соттук эмес коргоонун механизмдери уюштурары аныкталган. “Эң жогорку” юридикалык күчко ээ болгон сот бийлиги, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуунун жана коргооун бир кыйла натыйжалуу кепилдиги катары каралат.

***7-жыйынтык.*** Жаңы, себеби автор квалификациялуу юридикалык жардамга конституциялык укукту ишке ашыруу механизминде юридикалык жардам институтунун маанисин белгилеп, адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамды жакшыртуу зарылдыгын аныктайт. Бул жагынан биринчи кезектеги маселелердин катарына мамлекеттик эмес жана мамлекеттик юридикалык жардам институттарынын оптималдуу айкалышуусун камсыз кылуу; жарды жашаган жарандарга юридикалык жардам көрсөтүү; юридикалык жардам көрсөтүүнүн юридикалык жана келишимдик түрүн өркүндөтүү; ишеним артуучунун алдында адвокаттын жоопкерчилигин, мүлктүк жоопкерчиликти кошуп күчөтүү кирет. Бул өз кезегинде адвокаттардын кесиптик, мүлктүк жоопкерчилигин камсыздандыруу механизмдерин пайдалануунун зарылдыгын болжолдойт.

***5. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багытын баалоо.***

Диссертациялык изилдөө негизги жоболордун жана жыйынтыктардын логикалуулугу жана ырааттуулугу менен айырмаланат, алар ишенимдүү жана илимий жактан негизделген.

***6. Диссертациядагы жыйынтыктарды алууда автордун жеке катышуусу.***

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары изденүүчү А.Н.Нуридинова тарабынан, атайын юридикалык адабиятты жана чет өлкөлөрдүн мисалында мыйзам чыгаруу практикасынын материалдарынын негизинде алынды.

***7. Алынган жыйынтыктардын тийиштүү актуалдуу проблемаларды, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүдөгү багыттуулугу.***

Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну жана алынган жыйынтыктары диссертант алдына койгон теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталган, алардын жыйындысы юридика илиминин, конституциялык укук, адвокатура, ошондой адамдын укугунун өнүгүшү үчүн мааниге ээ.

***8. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, корутундуларынын, тыянактарынын толуктугун тастыктоо.***

Диссертациядагы алынган негизги жоболор жана жыйынтыктар, тыянактар ар кандай илимий-практикалык конференцияларда, тегерек столдордо жана семинарларда баяндама иретинде жасалып, изденүүчүнүн 8 басылмасында чагылдырылган.

***9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.***

Автроферат жана диссертацияны салыштырууда диссертациянын автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келгендигин көрсөтүп, негизги жоболорду, тыянактарды жана жыйынтыктарды, ошондой эле автор изилдеген маселелердин талдоосунун логикасын жана ырааттуулугун чагылдырат.

***10. Диссертациянын мазмуну жана жол-жоболонуусу боюнча кемчиликтер***

Диссертациялык иштин мазмунунун жетиштүү мааниге ээ экендигине карабастан, төмөндөгү сунуштарды айтууну зарыл деп эсептейбиз:

1. Диссертант диссертациялык иштин текстинде автордук интерпретациянын басымдуу салмагын жогорулатуу жолу менен өз позициясын күчөтсө, изилдөөгө индивидуалдуулукту жана өзгөчө баалуулукту бермек.
2. Автор изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардамды беруу тартиби жана жардам көрсөтүүдөн баш тартуунун негиздерин кененирээк ачса болмок.
3. Изилдөөнүн методологиясын кеңири баяндап, б.а. бул методологияны тандап алуунун себебин түшүндүрүп берсе, максатка ылайык болор эле.
4. Биздин оюбузча, изилдөөнүн темасы боюнча мыйзамдарды жакшыртуу боюнча сунуштар иште жетишсиз.

Көрсөтүлгөн сын-пикирлер диссертациялык изилдөөнүн баалуулугуна доо кетирбейт жана аткарылган диссертациялык изилдөөнүн деңгээлине таасир тийгизбейт.

***11. КР ЖАКнын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жоболордун» койгон талаптарына диссертациянын шайкеш келиши.***

Диссертациялык изилдөө өзүнүн түзүлүшү жана мазмуну, негизделүү даражасы, жыйынтыктарды изилдөөнүн жүрүшүндө алынган ишенимдүүлүгү жана жаңычылдыгы, алардын прокурордук илим, жазык, жазык-процесстик укук илими үчүн маанилүүлүгү боюнча «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун» койгон талаптарына толугу менен жооп берет.

Жогоруда берилгендердин негизинде Нуридинова Айдай Нуридиновнанын «Квалификациялуу юридикалык жардам – адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктеринин коргоонун конституциялык-укуктук кепилдиги катары» темасындагы диссертациялык иши жогорку илимий деңгээлде аткарылган жана «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу.

**Оппонент:**

Кыргызстан эл аралык университетин
билим беруу жана илимий өндүрүш
комплексинин Мультимедия институтунун
кафедрасынын доценттин милдетин аткаруучу
юридикалык илимдеринин кандидаты Бакиров А.Ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ
ИНН 00306201410240

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 132 от «11» 06 2021 г.